УДК 831 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.540**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА КЫРГЫЗ ЭЛДИК ИШЕНИМДЕРИНИН КӨРКӨМ СИНТЕЗИ

Алисултонова Нигора Абибуллаевна
ORCID: 0000-0002-7689-4157
Филология илимдеринин доктору (PhD)
Андижан мамлекеттик педагогика институту
Андижан шаары, Өзбекстан,
nigoraalisultonova@gmail.com

ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ СИНТЕЗ КИРГИЗСКИХ НАРОДНЫХ ВЕРОВАНИЙ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Алисултонова Нигора Абибуллаевна
ORCID: 0000-0002-7689-4157
Доктор филологических наук (PhD)
Андижанский государственный педагогический институт
г. Андижан, Республика Узбекистан
nigoraalisultonova@gmail.com

THE ARTISTIC SYNTHESIS OF KYRGYZ FOLK BELIEFS IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Alisultonova Nigora Abibullaevna
ORCID: 0000-0002-7689-4157
Doctor of Philological Sciences (PhD)
Andijan State Pedagogical Institute
Andijan city, Republic of Uzbekistan
nigoraalisultonova@gmail.com

Аннотация

Макалада Борбор Азиянын өзгөчө кыргыздардын шаманизмдик жана теңирчилик салттарындагы тотемдик ишенимдерди, адам өлгөндөн кийин жанынын жаныбарга, канаттууга же өсүмдүккө өтүшү башкача айтканда реинкарнациянын жергиликтүү формасы тууралуу изилденет. Бул түшүнүктөр анимизмге, тотемдик жаныбарларга бүркүт, түлкү, бугу ж.б. жана жаратылыш менен руханий байланышка негизделген.

Өзгөчө Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында «Кылым карытар бир күн», «Ак кеме», «Кыямат» элдик ишенимдердин көркөм стилизациясы талданат: Казангаптын түлкүгө өткөн жаны, Эдигейдин ак күйрук куш болуу каалоосу, Найман-Эненин кушка айланышы сыяктуу мотивдер реализм менен мифтин синтези аркылуу экологиялык жана философиялык маселелерди чагылдырат. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы бүркүт образына да токтолулат.

Жыйынтыкта Айтматов кыргыз мифологиясынын тотемдик элементтерин заманбап адабиятта глобалдуу темаларды тактап айтканда экология, руханий жоготууларды ачуу үчүн колдонот деп белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *тотемизм, реинкарнация, шаманизм, теңирчилик, кыргыз фольклору, Чыңгыз Айтматов, жандын өтүүсү, миф менен реализм.*

Аннотация

Статья исследует тотемические верования в шаманизме и тенгрианстве народов Центральной Азии, особенно у кыргызов, а также местную форму реинкарнации — представление о том, что после смерти душа человека переходит в животное, птицу или растение. Эти концепции основаны на анимизме, почитании тотемных животных (таких как орёл, лиса, марал и др.) и духовной связи с природой.

Особое внимание уделяется художественной стилизации народных верований в произведениях Чингиза Айтматова: в романах «И дольше века длится день» («Кылым карытар бир күн»), «Белый пароход» («Ак кеме») и «Плаха» («Кыямат»). Анализируются мотивы, такие как душа Казангапа, переходящая в лису, желание Эдигея стать белохвостым орлом, превращение Найман-Эне в птицу. Эти образы представляют синтез реализма и мифа, через который поднимаются экологические и философские проблемы.

Также рассматривается образ орла в романе Тологон Касымбекова «Сломанный меч» («Сынган кылыч»).

В заключение подчёркивается, что Айтматов использует тотемические элементы кыргызской мифологии в современной литературе для раскрытия глобальных тем — экологии, духовных утрат и кризиса связи человека с природой и традициями.

Ключевые слова: *тотемизм, реинкарнация, шаманизм, тенгрианство, киргизский фольклор, Чингиз Айтматов, переселение душ, миф и реализм.*

Abstract

The article examines totemistic beliefs in the shamanistic and Tengrian traditions of Central Asia, particularly among the Kyrgyz people, as well as the concept of the soul's transmigration after death into an animal, bird, or plant—what can be described as a local form of reincarnation. These notions are rooted in animism, totem animals such as the eagle, fox, deer, and others, and the spiritual connection with nature.

Special attention is given to the artistic stylization of folk beliefs in the works of Chingiz Aitmatov. In novels such as The Day Lasts More Than a Hundred Years, The White Ship, and The Place of the Skull (also known as The Day the World Ended or The Scaffold), motifs are analyzed including Kazangap's soul passing into a fox, Edigei's desire to become a white-tailed bird, and Naiman-Ana's transformation into a bird. Through the synthesis of realism and myth, these elements reflect ecological and philosophical issues.

The article also touches upon the eagle image in Tölögön Kasymbekov's novel The Broken Sword

In conclusion, it is emphasized that Aitmatov employs the totemistic elements of Kyrgyz mythology in modern literature to articulate global themes—particularly ecology and spiritual losses.

Keywords: *totemism, reincarnation, shamanism, Tengrianism, Kyrgyz folklore, Chingiz Aitmatov, transmigration of souls, myth and realism.*

Киришүү

Фольклордук багыттагы тотемдик ишенимдер, өзгөчө адам өлгөндө жанынын башка жандыкка өтүшү тууралуу түшүнүк, Борбор Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын шаманизмдик жана теңирчилик салттарында терең тамыр жайган. Бул ишенимдер адам менен жаратылыштын ортосундагы байланышты, руханий дүйнөнү жана коомдук түзүлүштү чагылдырган комплекстүү система катары каралат.

Изилдөө методдору жана булактары. Теманы ачып берүүдө салыштырма методдон пайдалануу менен теманын айланасындагы автореферат жана диссертациялардан ошондой эле негизиг булак катары Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары, Төлөгөн Касымбековдун “Сынаган кылыч” романдары менен салыштырып үйрөнүлдү.

Негизги натыйжалар жана талкуулар. Тотемизм – бул адамдардын белгилүү бир жаныбар, өсүмдүк же жаратылыш кубулушу менен руханий байланышта экенин моюнуна алган ишеним системасы. Француз антропологу Клод Леви-Стросстун айтымында, тотемизм жөн гана дин эмес, коомдук түзүлүштү уюштурган классификация системасы – адамдар өз коомун жаратылыштын элементтери аркылуу түшүнүшөт. Борбор Азиянын кыргыз, казак, түркмөн мындан сырткары якут жана башка элдер үчүн тотемизм шаманизм жана теңирчилик менен тыгыз байланышкан. Бул ишенимдерде бардык тирүү жана жансыз нерселерде рух же жан бар деп эсептелет, ал өлүмдөн кийин башка формага өтүшү мүмкүн.

Илимий маалыматтарда шаманизмдик практикада адамдын жанынын бир нече бөлүгү бар экени айтылат: бирөөсү өлгөндө денеден бөлүнүп, асманга же жерге кетет, экинчиси башка жандыкка жаныбарга, канаттууга же курт-кумурскага өтүп, жашоосун улантат. Бул түшүнүк реинкарнациянын бир түрү катары каралат. Ошондой эле ал номаддардын анимистик дүйнө таанымына негизделген – бардык нерсе тирүү жана руханий байланышта.

Борбор Азиянын элдердин тотемдик ишенимдеринде өлүмдөн кийинки жан өтүүсү экологиялык жана коомдук мааниге ээ. Мисалы, якут түрктөрүндө адам өлгөндө жан денеден чыгып, канаттуу же курт-кумурска формасына өтөт деп ишенишет. Бул фольклордук мифтерде “Дүйнөлүк Даректын” бутактары аркылуу чагылдырылат, ал жерде жан асман дүйнөсүнө көтөрүлөт. Кээ бир эмгектерде бул ишенимдер коомдук түзүлүштү бекемдеген: тотемдик жаныбарлар бүркүт, илбирс, бугу адамдын руханий колдоочусу катары каралып, өлгөндөн кийин жан ошол жаныбарга өтүшү мүмкүн. Кыргыз фольклорунда бугу бугу уруусунун тотеми өлгөндөрдү жер астындагы дүйнөгө коштоп барат деп эсептелет, бул шамандын өлгөндөрдү коштоо ритуалында чагылдырылат.

Ал эми түрк шаманизми боюнча эмгектерде тотемизм номад элдеринин дүйнө таанымынын негизи катары көрсөтүлөт: адамдын жаны өлүмдөн кийин тотемдик жаныбарга өтүп, тукумдук байланышты сактайт. Бул ишеним теңирчиликтеги жер астындагы кудай менен байланыштуу. Илимий жактан алганда, бул түшүнүктөр психологиялык жана социалдык функцияларды аткарат: өлүмдү кабыл алууга жардам берет жана коомдук түзүлүштү бекемдейт.

Кыргыздарда жана башка түрк элдеринде мисалы, түркмөндөрдө жана казактарда өлүм ритуалдары ислам менен аралашкан, бирок исламга чейинки элементтер сакталып калган: өлгөндөн кийин жан 40 күнгө чейин үйдө калат деп ишенишет, андан кийин башка формага өтөт. Бул шаманизмдик жандын уктоо доктринасына окшош, ал жерде жан өлүмдөн кийин убактылуу уктап, андан кийин жаңы денеге өтөт. Этнографтардын маалыматтары боюнча, Сибирь элдеринде якуттарда жана буряттарда бүркүт тотеми шамандын теги катары каралат жана өлгөндөрдүн жанынын символу болуп эсептелет.

Борбор Азиянын номаддарынын тотемдик ишенимдери экоспиритуалдык мүнөзгө ээ: жаратылыш менен гармонияда жашоо, жаныбарларды ыйык тутуу мисалы, бүркүт – асмандын символу адамдын жанынын өтүүсүнө негиз болот. Антропологдордун айтымында, бул ишенимдер номаддык жашоо образынын кесепети – адам жаратылыштын бир бөлүгү катары көрүлөт, өлүмдө да ал жок болбой, башка формада уланат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын элементтери көркөм чыгармаларда жазуучунун максатына, стилине жараша синтезделип жана стилизацияланып колдонулат. Бул өзгөчөлүк айрыкча XX кылымдын экинчи жарымындагы жазуучулардын чыгармаларында байкалат, алардын ичинен Чыңгыз Айтматовдун эмгектери дүйнөлүк адабияттын алкагында өзгөчө орунду ээлейт. Айтматовдун чыгармаларында кыргыз фольклорунун элементтери, анын ичинде анимизмдик жана тотемдик түшүнүктөр, адамдын жанынын жаныбарларга же канаттууларга өтүшү сыяктуу ишенимдер көркөм түрдө синтезделип, реализм менен мифтин айкалышын түзөт.

«Реинкарнация деген эмне жана бул ислам боюнча туурабы?», деген маалыматтарда «Рухтун бир кишинин денесинен экинчи бир кишинин денесине өтүшүн «Насх», өзүнө ылайык бир жаныбардын денесине өтүшүн «масх», өсүмдүккө өтүшүн «расх» жана таштарга өтүшүнө «фасх» деп айтышат.

Адабиятта бул элементтер стилизацияланат: жазуучулар аларды сюжеттик өнүгүүгө, каармандардын психологиялык абалына жана коомдук-философиялык маселелерге байланыштырышат. Типологиялык талдоо үчүн биз мотивдерди чыгармачылык контекстте, тактап айтканда реализм менен мифтин синтези катары карайбыз.

Айтматовдун чыгармаларында элдик ишенимдерди дүйнөлүк маселелерди экологияны, адамзаттын келечегин ж.б. улуттук фольклор аркылуу чагылдыруунун куралы катары колдонулат. Мисалы, «Кылым карытар бир күн» романынында Казангаптын жанынын үзүлүшү жана өзүнүн керээзи боюнча айтылган жерге, топуракка коюлушу менен башталып,

аяктайт. Үкүбала иттин өлүмүндө өлгөн Казангаптын өлүмү тууралуу кабарлагандан кийин, Эдигейдин алдында түлкү пайда болот. Түлкүнүн адаттан тыш жүрүм-туруму Эдигейди таң калтырат:

-Сага эмне жок? – деп Эдигей тамашалап корс этти да, сөөймөй кезеди.

-Эмне тиктейсиң? Жогол! -Анан жерди тээп койду. Түлкү нары секирип кетти да, кайра кайрылып отуруп алды... Түлкүнүн бул кейипи Эдигейди таң калтырды. Эдигей чоңураак таш алып эңкейди. Мээлеп туруп шилтеп жиберерде ташты кайра бут алдына таштады. Кылт эткен ойдон өзү чочуду [1.20].

Бул эпизоддо түлкү Казангаптын жанынын реинкарнациясы катары чечмеленет. Эдигейдин оюна Сабитжандын сөзү келет: *«Адам өлгөндө анын жаны башка бир жандыкка оол кетет»* деген. Казангаптын жаны ушул түлкүгө өтүп жүрбөсүн деген ой Эдигейге келе калат. Жазуучу бул түшүнүктү чыгарманын уландысында Сабитжандын пикири менен кеңирээк берет.

Ошол Сабитжан айтат бир жолу: Индостанда бир илим бар имиш, ошол илим боюнча адам өлгөн соң жаны тирүү макулуктун бирине, мейли кумурска болсун, иши кылып бирине оол кетет имиш. Адам туула электен мурда эле же куш, же кумурска, же дагы бир макулук болуп келген экен. Ошол үчүн тирүү жандыкты өлтүрүш чоң күнөө, жылан болобу, анын мары болобу Индостандын кишилери тийбейт экен, жүгүнүп гана жол бошотуп берет экен. [1.21].

Жазуучу түлкүнүн образы аркылуу алгач жалпы эле туркий жана кыргыз элинин ишеними боюнча адамдын жаны башка жандыкка өтүп кетиши тууралуу баяндагысы келет. Ал эми Сабитжандын кеби аркылуу азыркы күнгө чейин жаныбарларды кудай катары түшүнгөн индия элинин элдик ишеними менен жогорудагы ойду далилдеп кеткиси келгендей.

Автор өзү эскерткендей Москвада жүргөндө бир окурман кезигип «Сиз карышкыр болсоңуз керек»-дейт. -Эмне үчүн?, - деп сурайт. Анда “Себеби, карышкырдын образын эч ким сиздей окшотуп сүрөттөй албайт” -деген экен.

Ушул диологдон да адамдарда адамдын жанынын башка жандыкка өтүп калышы тууралуу элдик ишенимдер биретоло жоюлуп бүткөн деп айтууга болбойт.

“Кылым карытар бир күн” романында маңкурт Жоламан өз энесин тааныбай ок аткан эпизоду төмөнкүдөй көркөм сүрөттөлөт:

Өлтүрөр жебе ушул эле. Найман-Эне чоктук өркөчтү кучактай оол жыгылып баратты. Бирок бою жерге тийгенче башындагы ак жоолук шыпырылып түштү да, жетпей куш болуп, аба кайкып учуп чыкты. [1.159].

Бул эпизоддо уулун куткарууга келген эне маңкуртка айланган уулунун жаасынан чыккан ок аркылуу өлөт. Ал жөн өлбөй, “уулун албетте табам деген ниет менен” издөөгө аттанганда эле башына салынып чыккан ак жоолугу куш болуп учуп чыгат. Ал куш жөн учпай атасы Дөнөнбай экендигин эскертип учат.

Казангапты керээзи боюнча ошол Найман-Эненин бейитине көмүүгө келаткан Эдигей Казангапты керээз кылып кеткен жерине коюуга насип этпегенине өкүнүп мындай дейт:

“Казангапты Найман-Эне жаткан кабырстан мындан ары биздики болбой калганына кабыргам кайышат. Андыктан бир кезде Найман-Эне жүргөн ушу Малакумдуу чапта жаткым келет мен дагы. Азыр жерге берип жаткан Казангап менен катар жатайын, ушу ниетими кабыл кыл. Пендең өлгөндөн кийин жаны башка бир макулук болуп кубулат деген ырас болсо, мен кумурска болгум жок, андан көрө айры куйрук болоюн. Тетиги ак куйруктай болуп асманда каалгып, өзүмдүн Сары-Өзөк кыйырымды суктана карап жүрөйүн”. [1.366].

Себеби, Казангапты көмгөнгө чейин асманда айры куйрук куш учуп кетпейт. Тегеренип, ошол жерде эле учуп туруп алат эмеспи.

Куду ушул эпизодго окшош текст Төлөгөн Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романында да кезигет. “Те бийиктен, сургулт булуттун нары жагынан бир караан Исхактын көзүнө чалынды. Бүркүт экен! Сургулт булутка бир чүмкөнүп, бир көрүнүп, каалгып айланып жүрөт. «Менин жаным окшойт...» деп ойлоду Исхак. Андан соң жүрөгү бат-бат

согуп, каны дүрүлдөп төбөсүнө агып, башына эчтеме кирбей, дендароо болуп шалдырады. Мойнуна сыйыртмак түшкөнү келатканда ал селт этип ойдон чыгып, сыйыртмак салганы келаткан колду кагып жиберди”. [2.401].

Бул эпизоддо бүркүт Исхактын жанынын символу катары чыгат, кыргыз фольклорундагы канаттуулардын руханий ролун чагылдырат.

Изилдөөчү Г.Мирзажанова “Сибирь элдеринде, өзгөчө якуттарда бүркүт ыйык тотем эсептелген. Төрөбөгөн аялдар ага сыйынып бала сурашкан, төрөлгөн баланы «бүркүттөн төрөлдү» деп, бүркүттү өлтүрүүнү күнөө санашкан.

Кыргыздарда Умай Эне бүркүт кейпинде чагылдырылып, төрөт учурунда аялдын башына бүркүт коюп, жаман күчтөрдөн сакташкан.

Шамандарда бүркүттүн жүнү, тырмактары, сөөктөрү ыйык: көп Сибирь элдеринде шаманлын теги бүркүттөн деп эсептешкен. Бүркүт шамандыкка үйрөткөнүн Штернберг, Соколовалардын эмгегинде эскерилгенин изилдөөчү айтып өтөт.

Түрк-монгол элдеринде бүркүт – асмандын колдоочусу жана символ.” [4.128].

“Сынган кылыч” романында бүркүт образы –акылдуулуктун, бийликтин символу катары сүрөттөлөт. Жазуучу Сарыбай жана анын бүркүтү образын символ катыры алгандыгы, бекеринен эмес, албетте.

“Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: теңир философемасынын эволюциясы” аттуу авторефератында А. Алымбаев Тик Дүйнөнүн колдоочулары тууралуу токтолот. “Эпосто Жогорку дүйнөнүн ээси катары Алп кара куш айтылат. Бул куш тууралу энциклопедияда минтип айтылат: «оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. А.П.Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «бак-таалайдын жана молчулуктун символу болуу менен, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» деп айткан. Кээ бир учурларда бүркүт – асман ээси болсо, кээ бир учурларда ал асман ээсинин колдоочусу болуп саналат”. [2.159].

Айтматов көптөгөн чыгармаларында символ катары адам менен жаныбарды сүрөттөйт эмеспи. Мисалы, Танабай менен Гүлсары, Эдигей менен Каранар. “Ак кеме” повестинде бала арамдыкты кабал албай матрос атасына кыялында балык болуп сүзүп кетиши, “Кыямат” романында Иса пайгамбардай кылып асышкан Абдийдин Акбараны күтүп, келгенден кийин гана “Келдиңби, Акбара” деп көзү-көзүнө түшөндөн кийин жанынын үзүлүшү сыяктуу мотивдерде элдик ишенимдердин бир түрү болуп эсептелген адам өлгөндө жаны башка жандыкка өтүп калышы тууралуу тоотемистик ишенимдерди сүрөөтөөнү максат кылган болушу мүмкүн.

Корутунду. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында элдик ишенимдер, анын ичинде жандын жаныбарларга же канаттууларга өтүшү, тактап айтканда адам өлгөндө анын жаны башка жандыкка өтүшү, тотемдик түшүнүк кыргыз мифологиясынын негизинде стилизацияланып, заманбап адабияттын куралына айланат. Бул элементтер реализм менен мифтин синтезин түзүп, көркөм чыгармалардын эстетикасын чагылдырат. Келечектеги изилдөөлөрдө бул мотивдерди башка түрк-монгол фольклору менен салыштырып талдоо мүмкүн.

Адабияттар:

1.Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын жыйнагы: 4-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. - Б.: Бийиктик, 2008. - 544 б.

2. Алымбаев А. Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: теңир философемасынын эволюциясы. Автореферат.

3. Төлөгөн Касымбеков. Сынган кылыч. (Биринчи китеп) Тарыхый роман. 7-бас. – Б.: “Шам”, 2019. -536 бет.

4.Мырзажанова Гүлзад Бердибековна «Көкүл» баатырдык жомогундагы архаикамифологиялык салттуулуктун сакталышы. Адистиги 10.01.09 - Фольклористика Бишкек – 2011. 152 бет.